С (Кырг)
94-11



# Жайлоолор мени чакырат

2017

Жаркулова Жумакан



# Жайлоолор мени чакырат

Ош - 2013

Областтык китепкана
АБОНЕМЕНТ БӨЛҮМҮ
Инв. № 49372

**Жаркулова Жумакан**

Жайлоолор мени чакырат. Ырлар жыйнагы. – Ош, 2013. – 56 б.

## КИМ БИЛЕТ

Жашоо үчүн жан үрөгөн,
Өмүр канча ким билет.
Көрөөр күнүң, сүрөр дооруң,
Болору анык бир ирет.

Кандай күндө өмүр өтөт,
Ал табышмак ким билет.
Күнүң бүтсө бул өмүрдө,
Ошол күнү түн кирет.

Бешиктеги жаш баланын,
Бек болоорун ким билет.
Өмүр баркын билип өткүн,
Өмүр деген бир келет.

Адам болуп адам баркын билбесең,
Кийин сенин ким болооруң ким билет.
Ынтымакта өмүр сүргүн ойлонуп,
Энчиңдеги өмүр канча ким билет.

## ЖАЙЛООДОГУ КОШУНАМ

Элмира эле жайлоодогу кошунам,
Больницада азыр бирге олтурам.
Зеригемин кылаар ишим жогунан,
Дептерими ырым менен толтурам.

Жатып калдык жайлоо мезгил болгондо,
Курут менен сары майга не болду.
Жайы менен челге сени каттаткан,
Желедеги кулун менен бээ болду.

Эсен жүрөт уй кайтарып чамынып,
Айдап тосуп адыр менен белестеп.
А Элмира жатат ооруканада,
Курут менен сары майы элестеп.

Мейли сиңдим ден-соолугуң чың болсун,
Эми айтаарым эмгегиңен талбагын.
Торпок эмген уйлар кирсе түшүңө,
Сары май деп качып кетип калбагын.

Билесиңби жайлоодогу чатырың,
Маңдай тескей кошуна элек көрүнгөн.
Кечөөрүңдө атың мөңкүп жүк менен,
Зорго кылган сары майың төгүлгөн.

Азбы-көппү бул тирүүлүк айынан,
Жайлоо кызык курут менен майынан.
А мен болсо челге жетпей зарыгам,
А Элмира мотоциклде кайыган.

## КЫРГЫЗ ТУУСУНА БОЗ КҮЧҮК КАРАП ТУРГАН СҮРӨТКӨ ЖООП

Заманыбыз түлкү болсо, түлкү болду,
Ар жерде оюн менен күлкү болду.
Күчү жок мыйзамдарды кабыл алып,
Чоңдорубуз тоготпой жүрчү болду.

Эл айтпай ичи толгон армандарды,
Бийлик да өз чегинен ашып кетти.
Калтырып ит заманга кайран элди,
Ажообуз элин таштап качып кетти.

Ак иштесин жаңы бийлик бутагы деп,
Эл мүдөөсү чындыкты талап кылат.
Аларданда иттик кетип калбасын деп,
Боз күчүк да тикирейип карап турат.

## ӨРҮК ГҮЛҮ

Өрүк гүлү ак элечек,
Жаздын болду жарчысы.
Тоо башында ак кары бар,
Мезгил эле кыштын кайтуусу.

Ай арасы күн бүркөлүп,
Жамгыр карга айланды.
Көккө чыккан малдар да,
Курук чөпкө байланды.

Бажырайган өрүк гүлү,
Үшүк алып бүрүшөт.
Коргойт аны багбан сууктан,
Ыштык салып жүрүшөт.

## АК ТОЙДО

Жарашып боюң боюңа,
Күбөбүз бүгүн тоюңа.
Махабат жанып баш кошуп,
Түштүңөр турмуш жолуна.

Эл алды болуп көз тийбей,
Эл арты болуп сөз тийбөй.
Кадырман бүлөө болгула,
Кайгы дегенди эч билбөй.

Ак тойго келип биз бүгүн,
Ак жолтой тилек тиледик.
Түбөлүк өмүр сүргүлө,
Таалайдын нуру ширелип.

Сопсонун турмуш кургула,
Соолубасын гүлүңөр.
Бакытка толуп жашооңор,
Балага толсун үйүңөр.

## ЖАЗАМ ӨМҮР ЖӨНҮНДӨ

Баардыгы тынч караңгы түн киргенде,
Колго алдым ручкамды дептерди.
Жашым жарым кылым таяп баратат,
Жанчып турган ойлор менден кетпеди.

Жаралган соң бул өмүргө бир келип,
Жакшы күндүн ырыскысын татпасаң.
Анда жашоо кимдер үчүн жаралган,
Айтчы тагдыр сырыңы сен катпастан.

Бактың сенин кимдер үчүн татылган,
Тагдыр айтчы канча пара сурайсың.
Ошондо да пара таппай берээрге,
Бакты үчүн башы каткан курайсың.

Көңүл өчүп көңүл чөгүп канча ирет,
Тирүүлүктүн түйшүгүн биз тартабыз.
Түрүү кезде көрөөр күнүң ар кандай,
Өмүр өтсө жер алдына жатабыз.

Бак таалайга болсо эгер тараза,
Баардыгына болоор беле калыстын.
Жакшы жашоо өткөрөм деп өмүрдө,
Куштай учкан мезгил менен жарыштык.

Бирок айтчы байлык колдун кири дейт,
Байлык менен бакыт тапса болобу.
Баардык жашоо өтөт өзүн чегинде,
Бирок болсун сапат сенде жогору.

Бул жашоодо ар кыл күндү көрөсүң,
Ошол сенин өмүр үчүн шыбагаң.
Бул жашоодон күнүң бүтүп калгыча,
Тирүүлүктүн түйшүгүндө тынбаган.

Насиби болот тагдырдын,
Жарыктык сүргөн өмүрдө.
Чулгаган ойдон куралып,
Жазамын өмүр женүндө.

## ЖАЙЛООГО БҮГҮН КӨЧӨБҮЗ

Жаз келгенде жайлоого деп камынып,
Жүдөп-какап жүктү таңып чамынып.
Жашыл шибер жаңы көчүп барганда,
Курут майы болуп калат жаңылык.

Күн ысыкка уйлар куштан сайгактап,
Уй торпоктор шаштың алып жүгүрөт.
Ээмип койсо капа болбой сүйлөнбөй,
Торпоктору текиреңдеп сүйүнөт.

Нөшөрдү айт борошолоп жааганда,
Төшөктөргө ороносуң, жатасың.
Койлор тынбай суу болосуң артында,
Жүргөн кезде жашооңо да капасың.

Шамал болсо үшүн алып жүрөктүн,
Чаңга булап эчен ирет жүдөттүң.
Качан чатыр айрылат деп алаңдап,
Уктабаган таң аттырган күн өтүп.

Жайлоо десе чыккым келбейт чынында,
Тиричилик кайдан таштап коймокмун.
Чөлде болсоң кетмен чабып кыйналсак,
Анда дагы кейип коймок болмокмун.

## ОРТАКТАРГА

Чер жазып көңүлүнө сыр катпаган,
Мен ортакмын силерге жыргатпаган.
Чогулуп бирге болуп калган кезде,
Сезимиме толукшуп ыр батпаган.

Жан оортагым мен үчүн асылдарым,
Аяш болуп жаркыган асыл жарым.
Силер кирген үйүмдө бир касиет,
Дасторконго ырыскынын чачылганын.

Силер мага дос болуп сырдаш болуп,
Силер кирген үйүмө күлкү толгон.
Силер айткан тостордо жакшы сөздөр,
Кубанычты жүрөккө сүртүп койгон.

Деги бийик мен үчүн дос деп койгон,
Эч болбосо бир ирет эстеп койгон.
Ортактарым булак өңдүү шыңкылдашып,
Мезгил өтсө жаштыкты эстеп койгон.

## ЖАЗГАНГА ТАППАЙ ЫР САБЫН

Жайлоодобуз кыйнаган экен пендени,
Жазайын дедим жазайын анан эмнени.
Күндө башка өзгөрүүлөр болбосо,
Ыр сап деле супсак чыгат мендеги.

Жалгыз чатыр кошуна жок жанымда,
Айлана бүт чайыр менен ат кулак.
Маңдай жакта жалгыз түлкү ийни бар,
Же суур көрүнбөйт же кашкулак.

Уйду сайм таң эртеден турабыз,
Курут кылмай, кой-санамай май кылмай.
Жан талашып, кечке тынбай жатсаң да,
Же турмушуң жыргап кетпейт жалчыбай.

Жылдагыдай шерине жок карасаң,
Эч болбосо черди жазып ырдаган.
Мейли заман тынч болсунчу баарынан,
Тирүүлүк да түйшүк менен тынбаган.

## ЖОЛ АЗАБЫ

Жайлоодобуз турмуш экен баягы,
Тоолор кербен көрүнбөгөн аягы.
Жамгыр жааса баткагынан жүдөсөң,
Аптап ыссык көлөкөсүз жай айы.

Жайлоо башы жакын эмес базарың,
Барбай койсоң жетимсирейт казаның.
Кечээ келдим ошол түйшүк базардан,
Кыйналыпмын мен ошону жазайын.

Таң эртеден эшек атты токулап,
Жөнөп калдык тойго барчу немедей.
Ыссык күндүн жолу деги курусун,
Чөлдө дыйкан жүрөт көрчү кенебей.

Алты саатта ат үстүндө чарчайсың,
Улам келген, тоо башын биз каранып.
Чөлгө түшкөн азап болду кыйналып,
Чөө тумшуктуу көчөндөргө таланып.

Атка минсем көчөндөрү талады,
Эшек минсем элдин баары карады.
Мен экинчи чөлгө түшпөйм деп койдум,
Өчөшкөнсүп чиркейи да талады.

## ЖАРАТКАН ЫРЫМ УШУНДАЙ

Күйпөлектөп колум бошоп тынбаган,
Тирүүлүктө болуп келем убара.
Ыр жаратып жазып койом кез-кезде,
Сезимиме көлип калса чубала.

Рас бирок ыр жазуу да жөн эмес,
Ар тараптан ыр жаратаар шарт болсо.
А мен болсо ойго келсе чиймелейм,
Ой сезимде калкып талант баратса.

Окуп бүтүп ой изденип ар жактан,
Канча акын ырын сулуу жараткан.
А мен болсо жалгыз жайлоо башында,
Көңүл кушум булак суусу шар аккан.

Жайлоо үчүн тоолор үчүн ыр жазып,
Андан башка ырымда жок жарытаар.
Аска тоолор канча бийик кең болсо,
Ырларымды дал ошолор байытаар.

## ЫЛАЙДА КАЛДЫ САЯСАТ

Саясатчы десе баалап жүрүпмүн,
Саясаты саздагы ылай көрүнөт.
Калк мүдөөсү унутулуп карасаң,
Карап туруп кабыргалар төгүлөт.

Саясатың мансапкорго кор болду,
Алкымдары агылганы агылган.
Колду кезеп сессияда сүйлөшөт,
Арбышы жок өпкө үчүн табылган.

Ызылдашат жем сураган чымчыктай,
Жакшы болсо иш жүрүшмөк чыр чыкпай.
Чоң энедей жомок айтып уктаткан,
Депутаттар элди алдайт кыпчыктай.

Ар кимиси эрдемсинет сүйлөсө,
Кимге керек бийлик элге күйбөсө.
Эч болбосо атуул катар болбойбу,
Кыргызбы ал, кыргыз элин сүйбөсө.

Намыс жатат боорун жерге чапкылап,
Байлык кимге асыгатмак чынында.
Өлкөң турат өйдө жөлөп койсо дөп,
Өзүмчүлдөр келдик жаңы кылымга.

Өз башында чөптү көрбөй асылган,
Өзгө айыптуу өз айыбын жашырган.
Өлкө үчүн кайдан күйөт ойлосоң,
Бузуп тоноп өз көмөчкө ташыган.

Саясатың көк бөрүгө айланды,
Колго тийген жула качып чапкылап.
Жан күйгүзүп сөз жүзүндө сүйлөшүп,
Алы жеткен шапар тээп каткырат.

Саясатта калк мүдөөсүн унутуп,
Ушак айтмай бирин бири курутуп.
Эч болбосо этиканы сактаса,
Акыйнеги түз эфирди унутуп.

## ЖАЙЛООДО КАЛБАЙ БАРАГЫМ

Катырып ырды жазганга,
Калбаптыр такыр барагым.
Бир дептерге жете албас,
Жайлоодомун карагын.



Кумарым тутуп аябай,
Баш талып жаман кыйналдым.
Айлам куруп акыры,
Сигарет тышын жыйнадым.

Адырда түшүп аппак кар,
Келери аз калды кыштын да.
Баргыча мейли ыр жаздым,
Сигареттин тышына.

Батпай ырым баш аламан кагаздар,
Бары болуп бир баракча болбоду.
Андай десем катар жазган ыр сабым,
Акыркы бир, кагазыма толбоду.

Дал ушундай жайлоочулук турбайбы,
Талантымдын барлыгына кубанам.

## ДАҢАЗА

Бириң куда, бирөөң дос,
Бул тагдырлар опокшош.
Келсе мейман төрүм тегүлүп,
Келет колдон коноктош.

Айтчы досум сага жаккан,
Дасторконум жаяйын.
Алты күндө, балким ашык,
Мен коноктоп калайын.

Макта жакта анан досум,
Болбой калса дүнүйөм.
Киргил көңүл тосуп алсаң,
Кирбей кайтам үйүңөн.

Даңаза да, даңк да бар,
Болсо эгер дүнүйөң.
Болбосо эгер, кур кетишээр,
Достор баспай үйүңө.

Мол дүнүйөң даңазага жеткирет,
Өткөн күнүң кала берчү унутуп.
Башка бир күн жок түшсө,
Үзөңгүлөш досуң калчу унутуп.

Бүгүн барсын эртен болчу жокту ойло,
Кол жукарса кезегинде барды ойло.
Бул өмүрдө ден-соолуктай байлык жок,
Тынчтык менен эртең атчу таңды ойло.

## КҮЗГҮ ЖАЙЛОО

Кербен тартып булут калкыйт асманда,
Улам жылып конуп бийик аскага.
Коолдук кетип чөп саргайып сур тартып,
Коңур күздүн жели ойнойт наздана.

Мына келип күз мезгили жайлоого,
Шуудур-шуудур кургап бүттү чөптөрү.
Чаң уюлгуп короо-короо мал айдап,
Өтүп жатат кең жайлоонун чептеру.

Оюн курган чукураган балдар жок,
Окууга деп бары кеткен жабыла.
Жадагандай ойлуу тиктеп ит жатат,
Комсоо тарткан боз чатырдын жанында.

## УШУНДАЙ БИЗДИН ЖАШООБУЗ

Жазда шибер орногондой жер бетин,
Жайда аптап анын дагы сыры бар.
Күздө жерге сабаланса жалбырак,
Кыштын ызгаар анан дагы кары бар.

Бул жашоого көз жүгүртүп калчасам,
Кээде азап кээдө жеткис жыргал бар.
Жыл мезгилдей бул өмүрдө адамдар,
Жаманы бар анан да бар жакшылар.

Өмүр үчүн бирдей адам катарын,
Бириң байсың, бириңде жок чачаарың.
Тагдыр берген шыбагаң бар өткүчө,
Ыйман анан ырыскың бар татаарың.

Кумурскадай тынымы жок түйшүк бар,
Ойлоп көрсөң жетпей келет жашообуз.
Колдон келген бирөң чыкса арадан,
Чырмоок өңдүү чырмалабыз тособуз.

## АК МОЮН СЕН СЫЙЛУУСУҢ

Арак ачуу, чындыгында ал ачуу,
Арак болсо арнаган сөз эң таттуу.
Чеги бүтпөс каалоо тилек айтылып,
Баарлашмай бар конок күтүү баркташуу.

Көйкөлөсүң көңүл жакын дос чыгат,
Баржактайбыз балдан ширин сөз чыгат.
Күүгө салып купүлдөтүп жулкунтат,
Малкый берсөң маңдай жарат көз чыгат.

Ой арак сен булак суудай тунуксуң,
Алгач сөздө ой түсүндөй сылыксың.
Ойлоп көрсөң, арбап алып көңүлдү,
Ойго келгис чылааларга кулуксуң.

Бөтөлкөдөн көрүшүп сен, жылт этип,
Бөлө ичип көп көтөрбөй кылт этип.
Акырындан алдап ичип турсаң да,
Алдан кетип мас кыласың, шылк этип.

Мөлтүрөп артист кылып ырдаткан,
Мөлт-мөлт этип арман айтып ыйлаткан.
Үйдө конок сенсиз супсак көрүнөт,
Ак моюн деп элдин баары сыйлашкан.

## КАНДАЙ ЭНЕ ЫЙЫК
## (Бир адамдын арманы)

Жалгызмын жалындаган ат моюнда,
Түнөрүп караңгыда кирип калган.
Эрмегим эч нерсеге көңүл бөлбөйм,
Дептерди ручканы колго алгам.

Үй ыссып печкада от күйүп турат,
Уйкуда баары тынч айлананын.
Карсыз суук какшап турат кыш жарчысы,
Жазгым келди бир адамдын арман сырын.

Адамда кандай кезде арман болбойт,
Түшүнбөйм сана менен жанчыламын.
Жүрөгүм тилим-тилим ойго салып,
Элеси ошол көздүн тамчыларын.

Эне ыйык ууз сүтүнөн эмип өскен,
Айыпты кимдер артып койо алат.
Ошол эле мээрим чачып асыраса,
Анан гана ыйык эне боло алат.

Элпек мүнөз алгач көргөн көздеримде,
Шайыр анан мааниси чоң сөздөрүндө.
Ал бир күн арманын айтып калды,
Салаалап агып жашы көздөрүндө.

Мен неге адам болуп төрөлгөнмүн,
Апамын мээримине бөлөнбөсөм.
Жетелеп апам сүйүп эркелетпес,
Өлсө да кудайдан деп же болбосом.

Тирүү туруп өз баласын таштап кеткен,
Энени кимдер айтат ыйык дешип.
Өлбөдүм өстүм мен да бойго жетип,
Өлбөгөн соң боло берет ырыс кешик.

Мейли кетсин турмушуна таарынгандар,
Балдарым деп кайрылып жоктобойбу.
Энесиз да азап менен өтөт күнүң,
Өксүксүң эне мээрин көрбөй калсаң.

## ТУРМУШУМ

Баары ойдо бирок ойго жете албай,
Байлангансып тура басып кете албай.
Турмушумун туткун кылган чынжырын,
Чиелешкен түйүн сырын чече албай.

Курук өтүп бара жатат өмүрүм,
Жазган ырым барактарда саргайып.
Эч болбосо эл аралап такшалсам,
Ырым шыктуу чыкмак балким бал тамып.

Улам жазып жаңы сабы табылган,
Ич дүйнөмөн ыр саптарым табылган.
Жүрөгүмөн талант сайрап турса да,
Туталышкан турмушума багынам.

Балдарыма белек болуп бир кезде,
Сары барак ырым калаар артымда.
А мен болсо арман менен өтөөрмүн,
Убагында жетпей талант баркына.

Бaрактарым ырга жазып толтуруп,
Биринен да бири жылуу дептерим.
Кошуп ырга ыр жаралса сүйүнөм.
Демге дем бер окуп улам беттерин.

## ТАМАША

Балдар кайда? Баары кеткен чет жакка,
Кыргызстанда иш болбосо кантейин?
Кечээ эле сөйкө алдым мода деп,
Эски сейкөм жакпай калды анчейин.

Ооба, ооба, менин дагы балдарым,
Алып калгам эмчектеги балдарын.
Дал ушундай сөйкө жакшы экен деп,
Үч жыл мурун мен да сатып алганмын.

Шүгүр-шүгүр келди менин балдарым,
Машинаны минип жүрөт атасы.
Тээ илгерки деректирдей чапкылап,
Машинада дайым жүрөт апасы.

Ээ ортактар кудай колдоп балдарды,
Тапкан экен озур көрүп атабыз.
Жүргүлөчү кафелерге баралы,
Балдарга да тийип турсун батабыз.



Кафе танца, энелер да кубанып,
Жуумай болду, жуумайларга уланып.
Озур деген ушул дешет теңселип,
Араң жетип жатты энелер кулашып.

## САГЫНЫЧ

Өзүңө адеп сагынычтан ыр арнап,
Жүргөнүмү сезди бекен жүрөгүң.
Түбөлүккө бирге болом дечи элең,
Түгөйүсүң сенда азыр биреөнүн.

Эсиңдеби ошол жаздын нөшөрү,
Жүзүбүздү сууга чайып басылган.
Дайым турчу дарак калды айылда,
Жүрөк чийип аттарыбыз жазылган.

Ошол дарак бизди күтүп тургансып,
Тээ бийиктен эки жагын каранып.
Нөшөр болсо жалбырагы жуулуп,
Шамалына турган өңдүү таранып.

## ШААРДЫК КЫЗ

Жибек чачы, сулууланып таралбай,
Кирпик калды, боек сүртүп каралбай.
Турмуш деген, жолго чыкмак каякта,
Ал даже папа мамамасына баралбай.

Айыл деген айыл экен чо делать,
Я не терплю дискотека кайдагы.
Үйрөнөбүз секин-секин баарысын,
Зато жирный, молоко и каймагы.

## ӨМҮРДҮН АГЫМЫНДА

Адам үчүн жашоого болуп турган,
Турмуш жокбу көңүлгө толуп турган.
Ар адамда арман бар кейип калма,
Тагдырынан көңүлү оруп турган.

Баратып бул өмүрдүн агымында,
Көрөбүз ызгаарында жалынында.
Мал кылсак кээ бирибиз малчылыкка,
Таң болобуз кээ бир тагдыр тарлыгында.

Ойлонуп ар кыл өткөн турмуш жолго,
Адам үчүн өнөрбү кейип коймо.
Кантсе да күн бүткүчө баратабыз,
Чырмалышкан ойго салган турмуш жолдо.

## БЕШ КҮН ИЧИП, БЕШ КҮН НАМАЗ ОКУГАН

Алланын жолу жакшы оюн эмес,
Ыйман берсин, ынсабын ачылбаган.
Намаздан дилиң таза сооп болбостур,
Ойлон пенде арам ойдон арылбаган.

## КЛАССТАШТАР

Окуган бир мектепте билим алып,
Атаандашып бир бирибизге оттой жанып.
Дерейип бир ийгилик жараткандай,
Жооп берсек журналга бешти алып.

Түшүнбей ал балалык сезим менен.
Мезгилдер өтүп жатты сезилбеген.
Орду бүтүп коңгуроолор кагылып.
Коштошуп ал балалык кезим менен.

Балалыкка кош айтып жетип бойго
Окуу улантып жетебиз деп асыл ойго.
Өмүрлүк жар өз теңиме кол кармашып
Биз да түштүк табышмак турмуш жолго.

Элесин эже агайдын эстеп коюп
Турмуштун агымында келатабыз
Андан бери жыйырма жыл өтүп кетти
Ар кимибиз үй-бүлөөлү эне атабыз.

Оору айынан окубай калганыма
Турган кезим ичтен сызып сезим тозуп
Мектөбим сенден алган билим менен
Келатам колдон келген ырды жазып.

## АПАМА

Азыр жоксун өксүү толуп жүрөкө,
Жылга айланат шуулдаган күн етсе.
Үнүң укпай элестериң көңүлдө,
Оо жараткан мынча сараң өмүргө.

Апа деген сөздү уксам бирөөдөн
Бактылуу деп терең ойдо каламын.
Балдарыма эне болуп калсам да,
Апа сага куса болгон баламын.

Сени эстесем жүрөк турат жанчылып,
Кайгырамын кандай арга табамын.
Кара жерде калган байкуш эне жүрөгү,
Сезээр бекен кайгырганын балаңын.

Тирүүңдө жетпей апа кадырыңа
Ичимен арман менен жанчыламын.
Багыштап куран окуп жашым төгөм,
Бейиште жанып тураар шам чырагың.

Биз үчүн канча азап чегип жүрдүң
Кайтарып кадырыңа жете албадык
Асылган оорудан биз арачалап.
Алыстан даарылап биз келе албадык.

Арманым сезимдерди тебелеген,
Аргасыз жашоо күнүн көрүп жүрөм.
Балалык бир парзымы аткаралбай,
Мен кантип бул жашоодо өмүр сүрем.

## МЕН ЖАЙЛООДО ЫР ЖАЗАМ

Биз адамдар түйшүк чегип турмуш курап,
Өткөн сайын билинбей күлгүн курак.
Мезгил өтөт жаштык кезге кусалык бар,
Алалбайбыз ал өмүрдү карыз сурап.

Жайлоону көр бир ажайып керемет,
Жашыл шибер эрке желге термелет.
Азабы бар, ырааты бар жайлоонун
Уйду саамай, мал айдамай эртелеп.

Күн бүркөлсө нөшөрлөрдөн коркобуз,
Малды багып карабастан баткака.
Ушул күнгө каниетпиз кубанып,
Түйшүк менен кечке тынбай жатсак да.

Жаз келгенде түркүн боек түс менен
Коздук берип табийхаттын сыясы
Чөлгө каттап кем Каржыга барабыз.
Жакын деген Үч-Малайдын кыясы.

Курук эмес куржун толо кетебиз,
Кудуң, кудуң алты саатта жетебиз.
Аманат мал алагдыбыз шашылып,
Эртесине кайра келбей нетебиз.

Мен жайлоодо төрөлгөнмүн өскөнмүн,
Ойлой берем балалыктын өткөнүн.
Пейзаж кылып ырга курап койгум бар,
Ала-Тоонун мал түлүктүү көктөмүн.

## ЖАЙЛООДОГУ ЖАШООЛОР

Көк шибер, аба салкын, суусу таза,
Олтурсаң жайлоо сонун чериң жаза.
Жайлоодо жүрөгүңдүн үшүн алган
Куркураган куюн менен шамал гана.

Таң эрте уйду саамай торпок айда,
Кармаганың муздак курут пулу пайда.
Канчалык түйшүктөнүп жатсаң дагы.
Кел келдеп кенен пейил мейман тоскон.

Бул жайлоо канча адамдын башын кошкон
Кыргыздын улуу пейли кең жайлоодо
Кел, кел деп бирин-бири коноктошуп
Кымыз куюп кой союп мейман тоскон.

Жамгыр жааса жаның тынбай малды карап,
Бос туман каптап калган бүт туш тарап.
Түнү менен кой жатпай дүбүрөтсө,
Алагдысың эрте менен койду санап.

Кыскасы түйшүгү көп кең жайлоонун
Кең пейил шерине жеп бул эл сонун.
Илгертен ат жалындап ойноктогон,
Элибиз ак калпактуу ала тоонун.

## МЕН ЖАЙЛООГО БАРАТЫП

Ат минип того баратсам,
Аймалайт шамал жүзүмү.
Шамалдай өтөт зуулдап,
Күн өтсө өмүр үзүмү.

Булактын суусу шырылдап,
Жаткансып бүтпөс ыр ырдап.
Окшошпой эч бир музыка,
Ичимен койом кыңылдап.

Жайлоо таштак, шилби ак чечек
Чу деп койом өзүм ойго чөмүлүп.
Минген атым таноо кирип пырылдап.
Чарчады го тери турду көбүрүп.

Тоодо өскөм мен тоолордо чоңойгом,
Сыймыктанам мен тоолуктун бир кызы.
Сагындырып дайым турат ойумда,
Апамдын ыш жыттанган кымызы.

## ЖОЛДОШТУК ЭЛЕ КЕҢЕШИМ

Акыйкат сөз арак ачуу дегениң,
Бирок аны такыр таштайм дебедиң.
Мурун ичип закускасы дечи элең
Бара-бара закуска да дебедиң.

Бара-бара ичмейинче туралбай,
Үй-турмушту такыр койдуң унутуп.
Алмаштырып арзыбаган арака,
Үй мүлкүңдү сатып бүттүң курутуп.

Кечө болду жаткан жериң туш келди,
Адам деген сапат кетип акырын.
Ичкич деген иттен жаман акыбал
Арак уулап, жетпей сенин акылың.

Унут болуп ата менен энесин,
Арак уулап бүткүл тулку денесин.
Арак деген сенин бөгөт шайтаның.
Ичпей койчу бул жолдоштук кеңешим.

Мас болгондо дердең-дердең сүйлөткөн,
Менден дешип бирден шише бөлүшүп.
Карап турсам маймылдан жок айырма,
Бирде ыйлап, бирде ырдап коюшуп.

Бирде ыйлап, бирде ырдап куюшуп.
Четтен сынып чылк арака тоюшуп.
Оздон чыккан сөздөрүн да билишпейт,
Бири аяш, бири куда болушуп.

Мас болгондо күчөп турат шайтаны,
Балдарына тарбия жок не дешсин.
Адам деген сапат бийик баалай бил,
Ичпей койчу бул жолдоштук кеңешим.

Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БӨЛҮМҮ
Инв. № 49372

Такыр кетип адам кейпинен ыраңың,
Көргөн кезде көңүл ооруп турамын.
Бул жашоого адам деген бир келет.
Бекер өтөөр арак менен убагың.

## СҮЙҮҮДӨН НАМЫС УЛУКБУ?

Сени керүп сезимдерим туйлаган,
Айталбаган сүйүү сырдын түйүнү.
Кантип айтып сага жаным билдирем.
Ууз жыттанган аппак тунук сүйүүмдү.

Батына албай сага карай барыштан,
Мен анткени айбыгамын намыстан.
Апкаарыймын жалын бүркүп ичиме,
Керүп калсам караныңы алыстан.

Сен туйбайсың жүрөк турат өрттөнүп.
Азап болуп сени жаным унутуу
Жүрөк куса сыры мен айталбас
Ак сүйүүдөн намыс деген улукбу.

## ДЕП КОЙОТ

Апам дайым алтынымсын деп койот,
Конфет десем жебегиле деп койот.
Тыюу салган конфетинен карасам.
Өзү апам билгизбестен жеп койот.

Балмуздак дейм мен базарга барганда,
Көп жебегин жөтөлөсүң деп койот.
Көп жерлерде мен апамды байкасам,
Суусадым деп балмуздакты жеп койот.

Эркелесем мен апама асылып,
Алтынымсын сен эркемсин деп койот.
Ошончолук жакшы көрүп турсада.
Эмне үчүн жебегин деп чек койот.

## КҮЛБӨЙ ТУРГАН ЖОРУКПУ

Энеси келип эшиктен,
Эмилге келип кеп айтты.
Айланайын тур балам,
Сабагыңан кечикпе.
Жакшы бала көрүнөт.
Эрмек күтөт эшикте.
Алдап койсоң энеке,

Эрте турат бекенмин,
Эрмек кайдан түшүнсүн
Уйку ширин экенин.

## АРГЕН ЫЙЛАЙТ АПАЛАП

Жолдор тайгак,
Жамгыр төгөт чакалап.
Көлчөккө Арген жыгылып,
Ыйлап кетти апалап.

Андан кийин күн ысып,
Элдер жүрдү папалап.
Арген жүрөт кыңылдап,
Уктаймын деп апалап.

Жүгүрүп жүрөт достору.
Аргенди алар кошподу.
Чоңойсо да кетөр деп,
Жаш балага окшоду.

Чикилдек ойноп эшикте,
Арген жүрөт кыңылдап.
Быйыл окуп мектепке.
Акылдуу болду ыр ырдап.

Аргендин жашы алтыда,
Ал мектепке барыптыр.
Жакшы бала тилалчаак
Бешке окуп жатыптыр.

## ЭКИ ОРТАКТЫН УРУШУ

Күндө бирге ойношот,
Асел менен Замира.
Кошпогону алардын,
Каныш менен Дамира.

Төртөө турат төрт жерде.
Карап турсаң турушун.
Ойунчукту талашып,
Дамира баштап урушун.

Дамира сүйлөп чекчеңдеп,
Канышка жакшы көрүнүп.
Дамираны жактырбай,
Үчөө кетти бөлүнүп.

Үчөө болуп ынтымак.
Күнде ойнойт уланып.
Кылыгына өзүнүн.
Дамира турду уялып.

Дамира угат күнүгө,
Эжесинин жемесин.
Дамира эми түшүндү,
Уруштун жакшы эмесин.

## МЕН ДА ЖАЗАМ ЖАЙЛООНУ

Акындар жазат дайыма,
Аңкыган жайлоо гүлдерүн.
Жайлоонун өзү керемет,
Тыңшасаң булбул үндөрүн.

Суктанткан ошол жайлоого,
Жылыга чыгып үй сааймын.
Ал жакта болгон кооздука,
Жазбайын кантип ыр сабын.

Түгөнбөс түйшүк убара.
Турмуштан тарптым баратып.
Топтойун деп курут, сары май,
Торпоктон сүттү талашып.

Кой жаткан коро четинде,
Улактар ойнойт секирип.
Бет-беттен кооз сайрашат,
Бекинип ташка кекилик.

Боз туман каптап жамгырда,
Баткагы турат жүдөтүп.
Жайлоо көркү шерине,
Ыр менен сонун күн өтүп.

## БҮГҮН МАЙРАМ

Март айы жаздын болсо алгач күнү,
Март айы жаралат дейт жаздын гүлү.
Жүрөктү тунгуюктан черткилеген,
Жаз күнү жаралат дейт тунук сүйүү.

Март айы жазгы майрам энелердин,
Март айы башат эмгек берекенин.
Март айы Нооруз келет шаңга бөлөп,
Март айы майрам айы келет дегим.

Март айы мал төлдөгөн телчик айы,
Март айы жаңы үмүттүн жакшылары.
Март айы төгүп турган нөшөрүң да,
Мол түшүм күркүрөгөн күзгө дары.

## КОММЕРСАНТТАР АЙЫЛДА

Тартыш деген заманың да курусун,
Кайдан билдик коммерсант деп мунусун.
Алып сатаар кызыл кулак дечи элек,
Көрчү эми тизилишип турушун.

Барып калсаң буюм керек өзүңө,
Кулак салбай сенин айткан сөзүңө.
Мага келгин менден сода кылгын деп,
Комерсанттын акча элестейт көзүнө.

Таң эртеден орундукту талашып
Алармандын турат башы адашып.
Кечке иштешип кетээр маалы болгондо,
Куудуңдашып пайдаларын санашып.

Ызылдашып ырдап калат кээ күнү.
Ат башындай алтын таап алгандай.
Кээ күндөрү кыйкырышып урушуп,
Бүгүн баары банкротто калгандай.

Таран-Базар кечөсүндө чоң базар,
Баш ооруган ошол жерден чер жазаар.
Келечекте заман бап орду бар,
Курулаттыр элге керек чоң базар.

Эли үчүн эмгек кылсын талбасын,
Ачык айтсам таарынышып калбасын.
Азыр заман жулкугандын заманы,
Алы жетсе алты эсе алдасын.

Алты жылда кафе, камок баары бар,
Стандарттап баары катар салышып.
Бир убакта комерсанттар байкасам.
Калган окшойт капчык толуп байышып.

## АПАМА

Жан апам мен кадырыңа жетпедим,
Баланы таш боор кылып жараткан.
Жайкалтып көңүл коюп сыйлай албай,
Бозодой болдум өңүп бараткан.

Убагында жетпей апа баркыңа
Энедей мага ким болмок азыр ойлосом.
Балким сизди багаар келмек колумдан,
Атигиниң буттан майып болбосом.

Апам азыр маркум куран тилеген,
Жүрегүмдү кайгы капа бийлеген.
Жер алдында кантип апа жатасың,
Аба кирбей ай да күн да тийбеген.

Чындык дүйнө бар экени распы.
Ал жактагы азыр бизге караңгы.
Эгер болсо чын экенин ойлосом.
Тапкандырсын, апа эки балаңы.

Деги билбейм ой санаада таң атып,
Силерди ойлоп түтүн бүркүп жай ачып.
Санаа менен жашай берет окшоймун,
Мен жашоонун мерчеминде баратып.

## НАМЫС БОЛСО

Максатсыз бул жашоонун кереги не,
Бүгүн жок эртеңкини ойлобосоң.
Саналуу бул жашоонун кереги не,
Чечкиндүү өз эркиңди сүйлөбөсөң.

Өзүңө өзгө кыял жакпай турган,
Арасат турмушуңун кереги не.
Кыйналсаң карабастан басып кетсе,
Адамга андай достун кереги не.

Аялга камкор болбой басып кетсе,
Андайда эркегиңдин кереги не.
Ырк келбей ара күндө уруш болсо,
Андайда турмушуңун кереги не.

Бул дүйнө жалган дүйнө, жалган дүйнө,
Адамдар өз энчисин алган дүйнө.
Ачылып турмуш жолдо нугу бирдей,
Муундарга мурас болуп калган дүйнө.

Бул дүйнө мансабың да баары жалган,
Күнүмдүк өтүмүшүн аткан таңдан.
Пендебиз беш күнчүлүк жарыктыкта.
Менсинген бектер өтүп, белдер калган.

Бул дүйнөң ичкен сууң бары жалган,
Жашоо үчүн пенделерге түйшүк салган.
Кайраты эл тубулган баатыр өтүп,
Азуусу асман тиреп тоолор калган.

Жашоого жарык берип таңын аткан,
Мээнеткеч берекелеп жериң баккан,
Таш жүрөк заманың да курусунчу,
Намызсыз кыздарыбыз өзүн саткан.

Жер көчөт чыдабастан кылыгыңа,
Сел келет чыдабастан заманыңа.
Ойлонгун оо кутман эл намыс керек,
Пейлиңен жаралат да заманың да.

Жаз илесе жер жарып көктөм чыккан,
Эркегиңе аялың өктем чыккан.
Эркектик намыс деген кайда кетти,
Үй-бүлө эмес бүт айылды өзү баккан.

## БАЗАРДА

Олтурам мен базарда алып сатып,
Кабагым кээде бүркөө, кээде ачык.
Тирүүлүк чай-пулума чыгып турат,
Дүйнем кетпесе да ашып-ташып.

Ооматың бирде келсе бирде качып,
Эртелеп уйку кечип ишке шашып.
Тыйынга тыйын улап аракети,
Базардан товар алмай товар ташып.

Мээнет кылып мезгил менен жарашат,
Тирүүлүктө түйшүк менен алышып.
Куру бекер өткөн өңдүү кезинде,
Өмүрүңө өкүш айтып калышып.

Бүгүнкү максат менен эртеңкиге үмүтүң,
Тыным албас мээнет күчү күнү түн.
Жаның тынып жер алдына жаткыча,
Жаралган сен бул өмүрдүн гүлүсүң.

## КУРУК ӨМҮР

Ич дүйнөң максат кылат, жетмек кайда,
Көйийсин кейигенде эмне пайда.
Кун сайын канча өмүр өтүп жатат,
Арманым жаралбайбыз келип кайра.

Турмуш үчүн дүнүйөгө кул болдук ко,
Өз жан үчүн он бир минут болбостон.
Кези келсе кол куушуруп кетебиз,
Бир арманым бул өмүргө келбестен.

Баркын билбей бар тапканым азап болуп,
Арзуум таза ич дүйнөмө арман толуп.
Балдар үчүн бар азапка чыдап жашап,
Келатам жакшы күндү эңсеп коюп.

## ЖЕҢЕЛЕРГЕ

Жеңелерим кызыке деп тергеп турган,
Кабактары жайдары кел деп турган.
Жеңелерге менден иттик кетпесин деп,
Кабак кашын анализдеп патхот урам.

Эне мээри бар эмеспи жеңелерде,
Келгиле деп жайып турган кучагы бар.

Биз кетирген катадан сөз чубашын,
Илептерин шып-шынган ушагы бар.

Келегой деп ашы даяр, чайы даяр,
Кубанышып марттык менен чайы даяр.
Сый урматтап койгонуна жетине албай,
Силер үчүн ырымдын сабы даяр.

Бар болгула жеңелер бар болгула,
Небереден чебереге эне болуп.
Агам менен өмүр бою сыйлуу төрүң,
Мен барганда кубанткан жеңе болуп.

## ӨМҮР

Эч ким билбес бул емүрдүн эсебин,
Кээде шүгүр кээде, арданып кетемин.
Алга умтулуп өмүр сүрүп келебиз,
Табышмактай өткөн күнүң кечээгин.

Баткан күнгө аткан танга канимет,
Жете албаган максат, тилек ойлор көп.
Кол жетпеген учкул ойлор сыяктуу,
Ийри-буйру зымыраган жолдор көп.

Биздин өмүр кайталанбайт жаралып,
Күн бүткөнчө өз энчини аларбыз.
Бул өмүрдөн кетээр адам баласы,
Өткөн күнгө арман айтып калаарбыз.

## РОССИЯНЫН АРМАНЫ

Таппастан иштин дартынан,
Түштүкпү акча артынан.
Агылып жөнөп четинен,
Чыдабай жашоо шартынан.

Кээ бири тапты мал таптты,
Чоң сумма пулга жол тапты.
Чогултуп кетип адамдан,
Өзүнө иштээр кол тапты.

Кыйналып далай жол жүрдү
Кээ бири жол таап доор сүрдү.
Кээ бири таппай айласын,
Келалбай кайра кор жүрдү.

Ойлобой пулду башканы,
Балдарын бакпай таштады.
Ортодо болбой мээримин,
Акчалар катай баштады.

Доллар деп сүйлөп сом калды,
Жаш балдар анан чоң калды.
Иштейбиз деп түрүнүп,
Беш бештен кетти жол калды.

Барды го барды барган көп,
Барганда деле арман көп.
Ойлобой өзүн бүлөсүн,
Үйлөнүп алган андан көп.

## ЫР БАГЫМ

Дилимде жашап жан эргиткен ыр багым,
Жакшы ыр жазсам жаным эргип жыргадым.
Балапандай бапестөйм катып жүрөкө,
Балким сенин баркың билбей кыйнадым.

Ыр багымда менин ички сырым бар,
Ыр багымда менин асыл сыйым бар.
Сырдашым сен шуру мончок ыр сабым,
Ыр сабымда менин азап ыйым бар.

Көңүл жазып, көркөм ырым ырдадым,
Талантыман кубат алып жыргадым.
Деги билбейм сенсиз менде жашоонун,
Дилимде жашап жан эргиткен ыр багым.

## ДОСТОРУМ

Тагдыр экөн туз насипти кошконун,
Таалайымда туздаш менин досторум.
Мен жөнүндө кээде айтып ушакты,
Ойлонбогон ооздуругу бошторум.

Ой бөлүшүп олтурганда коштодуң,
Оор тактарым менин асыл досторум.
Көңүл ачып ырдап чоорлоп, бир болуп,
Шыр айтылып жакшы тилек тосторуң.

Коштоо менен кадыр билип жүрүшкөн,
Булак суудай шынкылдашып күлүшкөн.
Кызмат болсо бирге жүрүп бир туруп,
Мен кылам деп билектериң түрүшкөн.

Турмушта бар жаманы да жакшысы,
Ар бирибиз бүлөөнүн бактысы.
Керек болсо биз балдардын энеси,
Атасынын түбөлүктүү сакчысы.

## ЭХ БИЙЛИК КИМ ҮЧҮН

Эх тирүүлүк дартын айт,
Эски жара картын айт.
Эч болбосо бир чоңдун,
Тууганы болбой калганды айт.

Эшик чертип барганды айт,
Эртең деп жооптуу алганды айт.
Он жума өтүп барсаң да,
Эч нерсе жок калганды айт.

Каккылап эшик барганды айт,
Кайдыгер кабак салганды айт.
Кайталоо сөзү эртең деп,
Катарлап жооптуу алганды айт.

Жалдыратып барганды айт,
Кайдыгер кабак салганды айт.
Кайталоо сөзү эртең деп,
Кайтарып жооптуу алганды айт.

Туура бийде тууган жок,
Тууганчыл болуп алганды айт.
Эл дебеген чоңдор көп,
Сакаага элди салганды айт.

## СЕЗИМИМ

Өксүйт жүрөк сезимдерге сайылып,
Өмүр өтөт өксүү ойдон талыгып.
Курук эмес максат кайгы алгылап,
Өтөөр күндөр кудайыма жалынып.



Тагдыр ушул таарынбагын салганга,
Өкүнбөгүн майып болуп калганга.
Ойго батпа, көтөр башты өксүбө,
Жалгыз келет өмүр деген жалганга.

## КАЙРАНЫМ КЫРГЫЗ БАЛАСЫ

Шакый оору шайлоону кимдер утту карачы,
Оозу кыйшык болсо да сүйлөсүн байдын баласы.
Кыйналса элиң кыйналды ,эмне иш кылдың отчет жок,
Табылбайт окшойт дабасы,шайлоодо төшүн кагышкан.
Кайраным кыргыз баласы.

Чок тийсе да кенебес чоңдоруң жаман көбүштү,
Кур аракет майнап жок, элдериң билбейт кеп ишти.
Көбүртүп сүйлөп, шайлоодо акыйкат өттүң мына деп,
Кошоматтар күн көрүп куттуктап келип өбүштү.

Жалган сөзгө алданып, элдериң калды
ооз ачып,
Депутат кетти, из бербей коррупцияга
жол ачып.
Кайыр сурасак чет элден этектей жерди
энчи алып,
Жондон таптап мейли деп кайырын берет
боор ачып.
Ала Тоону карасаң ташы калды
токой жок,
Жаштарың үмүт кылышпайт, аганы көрүп
ини өспөй,
Намыстуу кыргыз бол десең, уялбайт
азыр чоңдоруң,
Жол бербесе жаштарга, аракет кылсаң
какой толк.
Үмүтсүз жоопту аласың, ушинте берсек
кыргызым,
Кандай жолдо каласың, алжетпейт бирок
кантейин,
Аргасыз ырды жазасың.

## АРМАНЫМ

Мен киммин? - өз ордум бар менинда,
Башкалардай үмүт менен жашаган.
Үйрүлөмүн үч кызым бар артымда,
Болбосом да эл сүйбөгөн жакшы адам.

Мен киммин? Ой түбү жок суроо бул,
Жүрөгүмү ачуу ыза каптаган.
Көп кыйналдым турмушуман буулуп.
Арманым бар жүрөгүмө сактаган.

Менин күнөөм дөги кайсы билбедим.
Чарчаганда тагдырымы тилдедим.
Көңүл ачык көптөй болуп жашабай.
Көңүл чиркин канча жолу кирдеди.

Көнүл ыза туман баскан асмандай.
Көнүл ыйлайт тагдыр мага башкадай.
Үмүтүмүн аксыз күйгөн чырагын.
Балдар анан талант шыгып жазгандан.

Оо талантым көңүлүмөн өчпөгүн.
Мени азаптан жыргалдыка өкчөдүң.
Толсо толуп бактым менин турса да.
Мен жашоодо ден соолуктан бөксөмүн.



# МАЗМУНУ


Ким билет ____ 3
Жайлоодогу кошунам ____ 3
Кыргыз туусуна боз күчүк карап турган сүрөткө жооп ____ 5
Өрүк гүлү ____ 5
Ак тойдо ____ 6
Жазам өмүр жөнүндө ____ 7
Жайлоого бүгүн көчөбүз ____ 8
Ортактарга ____ 9
Жазганга таппай ыр сабын ____ 10
Жол азабы ____ 11
Жараткан ырым ушундай ____ 12
Ылайда калды саясат ____ 13
Жайлоодо калбай барагым ____ 14
Даңаза ____ 15
Күзгү жайлоо ____ 17
Ушундай биздин жашообуз ____ 17
Ак моюн сен сыйлуусуң ____ 18
Кандай эне ыйык (бир адамдын арманы) ____ 19
Турмушум ____ 21
Тамаша ____ 22
Сагыныч ____ 23
Шаардык кыз ____ 24
Өмүрдүн агымында ____ 24
Беш күн ичип, беш күн намаз окуган ____ 25
Классташтар ____ 25

Апама — 26
Мен жайлоодо ыр жазам — 27
Жайлоодогу жашоолор — 28
Мен жайлоого баратып — 29
Жолдоштук эле кеңешим — 30
Сүйүүдөн намыс улукбу? — 32
Деп койот — 33
Күлбөй турган жорукпу — 33
Арген ыйлайт апалап — 34
Эки ортактын урушу — 35
Мен да жазам жайлоону — 36
Бүгүн майрам — 37
Коммерсанттар айылда — 38
Апама — 39
Намыс болсо — 40
Базарда — 42
Курук өмүр — 43
Жеңелерге — 43
Өмүр — 44
Россиянын арманы — 45
Ыр багым — 46
Досторум — 47
Эх бийлик ким үчүн — 47
Сезимим — 48
Кайраным кыргыз баласы — 49
Арманым — 51



**Жаркулова Жумакан**

# ЖАЙЛООЛОР МЕНИ ЧАКЫРАТ

Тех. редактор: М. Маматалиев
Комп. жасалгалаган: Ө. Жакыпов

Терүүгө 15.01.2013-жылы берилди.
Басууга 04.02.2013-жылы кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 1\16.
Көлөмү 1,75 басма табак. Нускасы 300. Буюртма № 217
«Ошбасмакана» АКда басылды.
Ош шаары. Курманжан датка көчөсү-209

С (Кырг)
94-11

# ЖАЙЛООЛОР МЕНИ ЧАКЫРАТ

